
КЫРГЫЗЭКСПОРТ

# Популярдуу Noon маркетплейсинде кантип сооданы баштаса болот?



КЫРГЫЗЭКСПОРТ

# Популярдуу Noon маркетплейсинде кантип сооданы баштаса болот?

Маанилүү! Noon марткетплейсинде сатуучу катары катталууга Бириккен Араб Эмираттарында, Сауд Арабиясында же Египетте катталган юридикалык жактарга гана жеткиликтүү.

## Noon маркетплейсине катталуу үчүн сизге төмөндөгү документтер керек:


- Компанияны каттоо жөнүндөгү күбөлүк
- Паспорт же жашап турууга уруксат (эки бетинен тең)
- Банк реквизиттери
- Салык картасы (Египеттин юридикалык жактары үчүн)

Сизге ошондой эле юридикалык жак катталган өлкөдө жарактуу электрондук почта жана телефондун номери керек болот.


Биринчиден, сиз Noon'да кардардын аккаунтун түзүп, андан кийин дүкөндү түзүшүңүз керек.

КЫРГЫЗЭКСПОРТ

**1-кадам.** Google издөө тилкесине “Selling on Noon” киргизип, биринчи шилтеме боюнча өтөбүз.




# Катталуу баскычын басабыз




КЫРГЫЗЭКСПОРТ

Бул жерде сизден email’ди киргизүүнү сурайт. Ага атайын талаага киргизилүүчү тастыктоочу код келет.




КЫРГЫЗЭКСПОРТ


Андан кийин телефонуңуздун номерин киргизесиз, ага да код келет, аны да атайын талаага киргизебиз.



Кийинки кадамда уюмуңуздун атын көрсөтүү зарыл болот. Көңүл буруңуз, бул дүкөнүңүздүн аталышы эмес, тактап айтканда юридикалык уюмдун аталышы.




Андан кийин, "дүкөндү түзүү" баскычын басабыз




КЫРГЫЗЭКСПОРТ

# Дүкөнду түзүп жатканда төмөнкү маалыматты толтуруу зарыл


- Товарларыңызды сата турган өлкөнү тандоо
- Англис тилиндеги сиздин атыңыз
- Араб тилиндеги сиздин атыңыз (бул үчүн онлайн котормочуну колдонсоңуз болот)
- Сиздин кат келүүчү бизнес email’лиңиз
- Дүкөндүн жумушчу телефонунун номери
- Товардын категориясын тандоо



“Дүкөндү түзүү" баскычын баскандан кийин, жеке кабинетиңиз жана жогорку оң бурчунда дүкөнүңүз ийгиликтүү түзүлгөндүгү жөнүндө эскертме көрүнөт. Андан соң компания тууралуу документтерди толтурууга өтүү керек, "create a legal entity"\юридикалык жакты түзүү кнопкасы боюнча өтөбүз.




Компаниянын катталган өлкөсүн бул ачылуучу тизмеден тандоо керек.



КЫРГЫЗЭКСПОРТ

## Компания жөнүндө маалыматты толтуруу керек

- Лицензиясынын номери
- Компаниянын аталышы
- Компаниянын дареги
- Катталган күнү
- Жарактуулук мөөнөтү
- Уруксат берилген ишмердүүлүктөрдүн тизмеси
- Андан кийин, компанияңыздын каттоо документин PDF, PNG, JPEG форматында жүктөө керек
- Документ түстүү жана сапаттуу болушу керек
- Документтеги маалыматтар сиз киргизген маалыматтар менен дал келиши керек.



Бардык маалыматтар текшерилгенден кийин, дүкөнүңүз ийгиликтүү ачылат. Сиз товарларды жайгаштырып, карталарды толтуруп, бардык соода иштерин жүргүзсөңүз болот.

# Сизге сатууда ийгиликтерди каалайбыз!